УДК: 001.891 (575.2) (04)

# КӨРҮНҮКТҮҮ ОКУМУШТУУ ЖАНА ПЕДАГОГ

Артынан шакирт ээрчитип, канатын күүлөп, өнөрүн өстүргөн асыл устаттар болот эмеспи. Биз үчүн ошондой чоң урмат-сыйга татыган, шакирти катары баарыбызды илим жолунда телчиктирип, такшалтып келаткан устатыбыз – т.и.д., профессор, КР УИА академиги Абылабек Асанканович. Устатыбыз бүгүн 70 жашка толуп отурат.

Абылабек Асанканов 1954-жылы 27-декабрда Нарын облусуна караштуу Жумгал районунун Жаңы - Арык айылында жарык дүйнөгө келген. 1972-1977-жылдары азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетинде окуган. Окуууну ийгиликтүү аяктагандан кийин эмгек жолун Жумгал районундагы Көл-Арык орто мектебинде мугалим болуп баштап, эки жылдан кийин Фрунзе политехникалык институтунда КПССтин тарыхы кафедрасынын окутуучусу катары уланткан. 1980-1983-жылдары СССР ИАсынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтунда күндүзгү аспирантурада окуган. Этносоциология багытынын негиздөөчүлөрүнүн бири, илимий жетекчиси Леокадия Михайловна Дробижевадан илимий-методологиялык жактан билим алды жана этносоциология багытын аркалаган көрүнүктүү окумуштуулар Юрий Вартанович Арутюнян жана Михаил Николаевич Губоглонун илимий-тажрыйбалык иштери менен жакындан таанышып, алардын баалуу кеңештерин укту. Москвадан алган теориялык-методологиялык билимин Кыргызстанда этносоциология багытын калыптандырууда, өзүнүн илимий мектебин түзүүдө ийгиликтүү колдонду.

Биз агайды Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы КУУ) тарых факультетине келип киргенден тарта билебиз. Факультеттин 1-курста окуган студенттерине "Этнографиянын негиздери", "Алгачкы жамааттык коомдун тарыхы" боюнча лекция окучу. Агайдын окуган лекциялары өтө кызыктуу өтөр эле. Кызыктуу лекцияларды окуу менен бирге студенттердин арасынан жөндөмдүүлөрүн, шыктууларын илимге үгүттөп, кафедранын илимий-изилдөө иштерине тартканга аракет кылып жүрдү. Илимге кызыккан курсташтардын бир тобу агайдын таасири менен илимдин этнология багытына бет алды. Ошол кезде агай аспирантураны жаңы эле аяктап, кандидаттык диссертациясын жактап келгенден кийин факультеттеги Археология жана этнография кафедрасын жетектеп турган эле. Тарых, этнография жана социология илимдеринин негизинде жаңы өнүгүп келаткан багыт – этносоциология боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, аны андан ары өнүктүрүүгө белсенип, өзүнө шакирттерди тарбиялоо максатын көздөп жүргөн экен. Анткени илимдин бул тармагы Кыргызстан үчүн али дың бойдон эле.

Кафедранын алдында агай жетектеген этнологиялык ийрим иштечү. Ага этнология багыты боюнча студенттик илимий иштерге тартылган бардык курстардын студенттери катышып, жума сайын талкуу уюштурулуп турар эле. Албетте, ийримдеги талкуулардан алган таасирлер да бизди көп нерсеге шыктандырып турчу. Ошондуктан биз студент кезде эле этносоциологиялык багытта изилдөөлөргө гана эмес, Бүткүлсоюздук студенттик илимий конференцияларга да катышып жүрдүк.

Абылабек агай баштаган ишинин аягына чыкмайынча туруктуулук менен аракет кылган, уюштура жана шыктандыра билүүчү сапаттары менен айырмаланып турган инсан. Агайдын жетекчилигинде 1990-жылдардын башында Кыргызстандын бир топ шаарларын, айыл-кыштактарын жана калктын кеңири катмарын камтыган этносоциологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Анын натыйжасында бир нече илимий эмгектер жаралды жана бир топ шакирттерди даярдады. Ал Кыргызстандагы этносоциология илимин жараткан, калыптандырган жана өнүктүргөн окумуштуу катары тарыхта өзүнүн изин калтырды жана аны азыр

да өзүнүн окуучулары менен ийгиликтүү өнүктүрүп жатат. 1990-ж. өлкөнүн айрым аймактарында, анын ичинде Кыргызстанда да улуттар аралык мамилелер курчуп турган кез эле. Ошондо КМУнун Археология жана этнография кафедрасынын базасында аталган проблемага арналган союздук деңгээлдеги илимий-практикалык конференция натыйжалуу өткөрүлгөн жана анын материалдары жарыяланган. Агай 1993-ж. Москвада жогоруда аталган институтта докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактап бул илим боюнча биринчи кыргыз доктор болду.

Кыргызстанды 80ден ашык түрдүү улуттардын өкүлдөрү мекендеп келет. Алардын көпчүлүгү XX к. ичинде ар түркүн тагдырга байланыштуу жергебизди байырлап калгандар. Алардын ынтымак-ырашкерликте жашап, эмгектенип, өз маданиятын сактап жана өнүктүрүшү үчүн мамлекет ыңгайлуу шарттарды түзүп жатат. Агай кыргыздар менен катар ушул улуттардын арасында да этнографиялык, этносоциологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү биринчилерден болуп колго калды. Анткени Кыргызстан элин түзгөн бардык этностордун арасында жүрүп жаткан процесстерди аныктап, аларга тиешелүү баа берип туруунун теориялык да, практикалык да зор мааниси бар. А.Асанканов бул багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүүнү өзүнүн башкы милдеттеринин бири катары, ага олуттуу мамиле кылып келүүдө.

Агайдын уюштургучтугу, иштин көзүн таба билген жөндөмү, чечкиндүүлүгү "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнү даярдоодо "Манас-1000" дирекциясынын алдында уюшулган Өкмөткө караштуу "Мурас" ишкер долбоорунун директору болуп турганда бир топ иштерди өз убагында бүткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген. Анда "Манас" үчилтигине, кыргыз тарыхына, этнографиясына, маданиятына арналган көптөгөн эмгектер, изилдөөлөр жарыяланган, илимий конференциялар, симпозиумдар, манасчылардын юбилейлерине ж.б. байланышкан бир топ иш-чаралар өткөрүлгөн. Анын ичинде кыргыз элинин этногенезине жана этностук тарыхына арналган бир топ өлкөлөрдүн окумуштуулары катышкан илимий конференцияны өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Абылабек Асанканович КМУ тарых факультетинин деканы, И.Арабаев атындагы КМУ нун ректору, КРнын Президентинин аппаратынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы, Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы кызматтарын жигердүү аркалады.

Кайсы жерде иштебесин, кызмат менен илимий изилдөөлөрдү, педагогикалык ишмердикти эриш-аркак алып жүрдү. 1980-жылдардын аягында жазылган биринчи монографиясы "Социально-культурное развитие современного киргизского сельского населения (опыт этносоциологического исследования)". – Фрунзе, 1989. ("Азыркы кыргыз айыл калкынын социалдык-маданий өнүгүүсү (этносоциологиялык изилдөөнүн тажрыйбасы. – Фрунзе, 1989)" деп аталды. Бул эмгекте айылдык кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүүсүнө этносоциологиялык талдоо жүргүзгөн. Агайыбыз советтик мезгилдеги айыл турмушундагы чоң ийгиликтер, жетишкендиктер, өзгөрүүлөрдүн айылдык кыргыздардын турмушуна тийгизген оң таасирин изилдөө менен бирге андагы социалдык-экономикалык маселелерге да токтолгон.

Советтик мезгилде улуттардын жана элдердин социалдык-маданий өнүгүүсүнө көптөгөн жагымдуу шарттар түзүлүп, маданияттын элдин кеңири катмарына таралышы, жеткирилиши маанилүү маселе катары каралчу. Кайра куруу доорунда этностордун өз маданиятын, тарыхын окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуусу артып, улуттук өзүн өзү аңдоосу өскөн. Китепте кыргыздардын жашоо турмушунун маданий-тиричилик чөйрөсүнүн өзгөрүүсү, билим деңгээлиндеги өзгөрүүлөр, айыл кыргыздарынын маданий баалуулуктары, көркөм адабиятка, киного, массалык-маалымат каражаттарына, музыкага, музейлерге мамилеси, орус тилин билүүнүн маданиятка тийгизген таасири иликтөөгө алынган. А.А. Асанкановдун бул монографиясы советтик мезгилдеги кыргыз айыл калкынын турмушундагы социалдык-маданий өзгөрүүлөрдү, жаңы көрүнүштөрдү, орус тилинин коомдук турмушка тийгизген таасирин этносоциологиялык жактан изилдөөнүн алгачкы тажрыйбасы болуп калды.

СССРдеги Кайра куруу мезгилинин акыркы учурларында Кыргызстанда улуттук жандануу башталды: басма сөз беттеринде, ар түрдүү деңгээлдеги жыйындарда улуттук тил, маданият, шаарлашуу, шаарда жашап жана эмгектенип жаткан кыргыз жаштарынын социалдык-мада-

ний абалы жана башка көптөгөн көйгөйлөр ачыкка чыгып, кызуу талкууланып жатты, коомдук-саясий уюмдар түзүлдү жана жигердүү ишмердигин баштады. Бул көрүнүштөрдөн кыргыздардын улуттук өзүн өзү аңдоо сезиминин жаңы шарттарга ылайык курчуп баратканын көрүүгө болот эле. Мындай көрүнүш эгемендиктин алгачкы жылдарында да өлкөнүн жаңы багытын аныктоого байланыштуу уланып жатты. Бул феноменди изилдөө башка республикаларда аздыр-көптүр колго алынган. Ал эми бизде ага арналган иликтөөлөр жок болчу. Бул багыттагы алгачкы иликтөөлөр да агайга таандык, т.а. коомчулукка кеңири тараган "Кыргызы: рост национального самосознания. - Бишкек, 1997", ("Кыргыздар: улуттук өзүн өзү аңдоонун өсүшү. – Бишкек, 1997") аттуу монографиясын жарыялады.Эмгекте, агай кыргыздардын өз улуттук кадыр-баркын сезүү, сыймыктануу сезиминин жогорулаганын, аларга таасир берген саясий, экономикалык, маданий факторлорду ачып, аталган феномендин табиятын түшүндүрүүгө алгач кадам жасады.

Абылабек Асанканович кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын белгиленишине карата Алтай, Хакасия, Тува аймактарына атайын экспедиция уюштуруп, ага жетекчилик кылган. Кытайдын кыргыздар жашаган аймактарына бир нече жыл катары менен жүргүзгөн экспедициялык изилдөөлөрдүн натыйжасында "Кыргызы Синьцзяна (КНР) – Бишкек, 2010", ("Синьцзяндагы (КЭР) кыргыздар. – Бишкек, 2010)" аттуу монография жарыялады. Бул эмгекке Кытай өлкөсүндө да чоң маани берилгендиктен, баалагандыктан китепти 2 жолу басып чыгарышты. Абылабек Асанканович Кытайга болгон бул илимий кызыктуу сапары тууралуу "Кыргыздын кыйыр издери" аталышындагы 8 документалдуу фильмдин сценарийин даярдаган, текстин да өзү окуган. Өз кезегинде КЭР менен СССРдин ортосундагы жагымсыз мамилелерден улам кыргыз окумуштууларынын Кытай кыргыздарынын арасында изилдөө жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Бүт өмүрүн кыргыз этнографиясын изилдөөгө арнаган окумуштуу С.М.Абрамзон да Кытайдан Кыргызстанга көчүп келген кыргыздардан сурамжылап тапкан маалыматтардын негизинде гана иликтөө жүргүзүүгө мажбур болгон. Абылабек Асанкановичке Синьцзянда кыргыздар жашаган аймактардын баарында болуу менен, алардын этнографиясын түздөн-түз байкоо, жеринде сурамжылоо аркылуу изилдөө мүмкүнчүлүгү ачылды. Китепте Синьцзян кыргыздарынын этногенези, этностук тарыхы, жашап жаткан аймагы, чарбасы, материалдык жана рухий маданияты, үй-бүлөлүк мамилелери, диний ишенимдери, жана жүрүп жаткан этномаданий процесстер кеңири чагылдырылган. Кыскасы окурман журтчулугу Кытай кыргыздары тууралуу кеңири маалымат ала алат. Ч.Валихановдон туура 150 жылдан кийин, кытайлык кыргыздарды өз жеринде изилдеген жана ири китепти чыгарган эң алгачкы профессор болуп эсептелет.

А. Асанканов Улуттук илимдер академиясынын Тарых институту менен Россия илимдер академиясынын Этнология жана антропология институтунун кызматташуусу менен, этнология илиминдеги кийинки 50 жыл аралыгындагы изилдөөлөрдү жыйынтыктаган "Кыргызы" (Кыргыздар") деген томдун жарык көрүшүнө (М., 2016. 626 бет) жооптуу редакторлорунун бири катары чоң салым кошту. Москва шаарындагы абройлуу "Наука" басмаканасы жакынкы күндөрдө эле бул китепти кайрадан басып чыгарды.

Агай илим-билим чөйрөсүндө иштеген тажрыйбасы мол, жогорку деңгээлдеги кесипкөй адис катары көптөгөн Мамлекеттик Концепция, Программаларды иштеп чыгуучу топтордо ("Кыргызстандын элдеринин биримдигин чыңдоо жана улуттар аралык мамилелер Концепциясы", "Кыргыз жараны", Инсандын руханий-нравалык өнүгүүсү жана дене тарбия") иштеди жана иштеп келе жатат.

2023-жылы А.Асанкановдун А. Эркебаев менен бирге жазган "Межэтнический конфликт в июне 2010 года на юге Кыргызстана. – Бишкек, 2023." ("Кыргызстандын түштүгүндөгү 2010-жылдын июнундагы этностор аралык конфликт. – Бишкек, 2023") деп аталган китеби жарык көрдү. Кыргызстандын түштүгүндө болгон бул окуяларга быйыл 14 жыл болду. Бул этностор аралык чыр-чатак эгемен Кыргызстандын тарыхынын кайгылуу барактарынан болуп калды. Чындыгында бул китеп абдан татаал маселеге – бир мамлекеттин эки этносунун ортосундагы конфликтке арналган. Бир мамлекеттин түпкүлүктүү эки этносунун ортосундагы кагылыш өлкөдө бийлик олку-солку болуп турганда кайталанды.

А.Асанканов, А. Эркебаев бул китепти жазууда конфликтти изилдөө боюнча Мамлекеттик комиссинын мүчөлөрү катары өздөрү чогулткан материалдарга, жыйынтыктарга таянышкан жана башка комиссиялардан айырмаланган пикирди карманышкан. Бул китепте 2010-жылы июнь айындагы этностор аралык конфликттин шарттары, жүрүшү жана натыйжалары тууралуу абдан көп материалдар жеринде чогултулган. Ар бир конфликт очокторундагы абал, ал жердин калкынын этностук курамы айыл өкмөттөрү, айылдар боюнча изилденген.

Жергиликтүү бийликтин этностор аралык конфликттин алоолонуп турган учурундагы жалпы элге маалым болбогон ишмердүүлүгү алардын конкреттүү иштери менен көрсөтүлгөн. Айрыкча 2014-жылы 11-17-октябрда А.А. Асанканов Кара-Суу районунун Нариман, Кызыл-Кыштак, Шарк, Кашкар-Кыштак айылдарын изилдеп жатып, Кара-Суу шаарынын мэри Ахмат Разиев (Ахмат палван), Кашкар-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысы Мадина Минбаевалардын ишмердүүлүгүн, каармандыгын белгилеген материалдарды жыйнаган. Жергиликтүү тургундар өз ичиндеги эл тагдырына чындап күйгөн эр жүрөк, кең пейил адамдарды билишет, таанышат. Бирок убакыт өтүшү менен алардын кризистик кырдаалдагы аракеттеринин тажрыйбасы тууралуу маалыматтар сакталбай калышы да мүмкүн эле. Агайыбыздын китебинде чыныгы эл каармандарынын аракети, ишмердиги, тажрыйбасы коомчулукка дайын болуп, кийинкилерге сабак катары сакталат.

Изилденген айыл өкмөттөрүнүн маалыматтары калктын этностук курамы, эл каттоонун, айыл өкмөттөрүнүн жергиликтүү булактары менен да толукталган. Окуяга катышкан, жергиликтүү бийликте, укук коргоо чөйрөсүндө иштеген, калк арасында кадыр-баркы бар адамдар менен жолугушуулар, маектешүүлөр, эксперттик интервьюлар өткөрүлгөн. Этностор аралык конфликтти изилдөөдө тарыхый-салыштырма талдоо, контент-анализ, этносоциологиялык методдор колдонулган. Чыгарылган жыйынтыктар илимий жактан да тастыкталган.

Китептин мазмунунан агайыбыз бул окуяны изилдеген башка булактар менен да жакшы тааныш экендигин көрүп, сезүүгө болот. Депутаттык комиссия, Эл аралык көз каранды эмес комиссиянын ишине кыргыз бийлиги тарабынан окуяны иликтөөгө бардык демократиялык шарттар түзүлгөн. Бирок комиссиянын жыйынтыктарында бир эле этнос – кыргыздар эле көпчүлүк кылмышты жасагандай көрсөтүлүп калган. Авторлор белгилегендей, башка дагы көптөгөн эл аралык коомдук уюмдардын (КРнын Омбудсмени, Адам укуктары боюнча эл аралык FIDN федерациясы, "Freedom Hause" уюму, "Ош демилгеси" коалициясы, "Көз каранды эмес коомдук изилдөө") баяндамаларында субъективизм көп.

Июндагы этностор арасындагы кагылыштын чыгышынын социалдык, саясий себептери Апрель окуясы менен тыгыз байланышта. Июнь окуясы Апрель окуясынын туундусу, уландысы. Кыргызстандагы түндүк-түштүк маселеси, түштүк облустарындагы Убактылуу Өкмөттүн позициясынын бекем эместиги да окуянын чыгышына себеп болгонун авторлор белгилешкен. Китепте окуянын чыгуу себептери, журүшү, конфликтти токтотуу үчүн ыкчам иштер, окуядан кийинки өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий жашоосун турукташтыруу аракеттеринин кадамдары абдан так, ырааттуу көрсөтүлүп изилденген.

Убактылуу Өкмөттүн иш-аракеттери, кетирген кемчиликтери, облустук, жергиликтүү бийликтин эл менен тыгыз аракеттери жеринен алынган конкреттүү материалдар менен көрсөтүлгөн.

Жергиликтүү бийликтин иши күнү-түнү эл менен жүргүзүлгөн. Деструктивдүү күчтөрдүн чагымына алдырбаш үчүн түшүндүрүү иштерине бийлик өкүлдөрүнөн сырткары калк кадырлаган, сөзүн эл укчу элдик дипломатиянын өкүлдөрү – даанышман улуу муундагы адамдар тартылган. 1990-жылдагы окуяларды башынан өткөргөн жерлерде мурдагы сабактар эске алынган. Мисалы, Өзгөндө мурда конфликт базардан башталган, ошондуктан конфликт угулаар замат базар жана базарга баруучу негизги жолдор жабылган. Дагы бир мисал, Кара-Суу шаарынын мэри Ахмат Ризаев өзбек маданий борборунун өкүлдөрүн шаарга киргизбей, митинг, чогулуштарды өткөртпөй койгон. Территориялдык советтер (ТС), маала башчылары ар бир көчөнүн жашоочулары менен бирдикте конфликтти болтурбоонун аракетинде болушкан. Жергиликтүү бийлик укук коргоо органдары менен бирдикте айыл, шаарларда күнү-түнү элдик кошуундун күзөтүн уюштурушкан.

Райондордун жетекчилиги, шаар жана жергиликтүү кеңештин депутаттары, элдик кошуун чогуу аракеттенген жерлерде (мисалы Кара-Суу шаарында) шаардык инфраструктура, базар үзгүлтүксүз иштеп турду.

Түштүктө кыргыз, өзбек элдери чогула турган жер – мечиттер. Мечиттерде да түшүндүрүү иштери активдештирилген. Жогорудагы айтылган иш-чаралар, эл менен бирдикте жүргүзүлгөн иштер гана конфликттин басылышына мүмкүндүк берди. Элдин өзүнүн күчү, элдик дипломатия менен даанышмандыктын негизинде Убактылуу Өкмөттүн аракети менен конфликт басылды. Кыргызстан бир нече жылга артка сүрүлдү. Кыргызстандын экономикасына 3 757 661 429 сом зыян келтирилди.

Жалпысынан алганда, бул китеп 2010-жылдагы этностор аралык конфликттин чыгуу себептерин, аны токтотууга багытталган бийликтин жана элдин аракеттерин, стабилдештирүү иштерин, конфликттин алдын алуу жана болтурбоо боюнча сунуш-рекомендацияларды камтыган фундаменталдуу эмгек. Китепти жазуу үчүн абдан көп мамлекеттик документтер, талаа материалдары кеңири колдонулган. Фактологиялык жана талдоо материалдарынын көптүгү бул китепти кийинки изилдөөчүлөр үчүн булак катары, этностор аралык мамилелерди окутуу процессинде хрестоматия катары колдонууга мүмкүндүк берет.

Китептеги абдан маанилүү, баалуу маалыматтар, ой-пикирлер жөнөкөй окурмандарга караганда мамлекеттик башкаруунун бардык тепкичтеринде иштеген кызматкерлерге абдан зарыл жана керектүү деп эсептейбиз. Бул китептеги жергиликтүү бийликтин көп уюштуруу иштеринин практикалык маанилүүлүгү абдан жогору. Кризистик кырдаалдагы бул элдик тажрыйба конфликттердин алдын алуу жана болтурбоодо тарыхый сабак катары эске алынышы зарыл.

А. Асанкановдун эмгек жолунун кийинки этабы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы менен байланыштуу. Көрүнүктүү окумуштуу 2017-ж. Тарых жана маданий мурас институтунун директору кызматына киришип, азыркы күнгө чейин үзүрлүү иштеп келе жатат. Аттын кашкасындай таанымал илимпоздор С. Табышалиев, К. Орозалиев, А. Каниметов, С. Данияров, Ж. Жунушалиев жетектеген бай тарыхы бар бул институттун жамаатынын колдоосуна татып, директор болуп шайланыштын өзү маареке ээсинин зор жетишкендиктеринин дагы бири болуп калды. Бул кадам институттагы калыптанып калган салтты улантуу менен бирге, жамааттын потенциалын орду менен туура пайдаланып, илимди уюштуруудагы жоопкерчиликти сезүү менен жасалгандыгын кийинки иш-аракеттери көрсөттү. Дасыккан окумуштуу катары институттун жалпы жана бөлүмдөрдүн пландык темаларын тандоодо баалуу сунуштарын берип, буга чейин жеткиликтүү көңүл бурулбаган маселелерди көз жаздымда калтырбоого үндөп келет.

Институттун структурасына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын сапаттык курамын көтөрүү, илимпоздорго ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында мекеменин жетекчиси катары көп алгылыктуу иштерди жасады. Мындай аракеттердин бири, институттун атын көрүнүктүү алгачкы кыргыз кесипкөй тарыхчыларынын бири, академик Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту кылып өзгөртүп, Юстиция министрлигинин каттоосунан өткөрүү болду. Бул иш институттагы адистик номенклатураны натыйжалуу пайдаланып, анын дараметин арттыруу, эл аралык байланыштарды кеңейтет деген терең ишеничтебиз.

Акыркы жылдары, илимий кадрлардын муундар ортосундагы байланышын камсыздоо багытында институттун курамын жаштар менен толуктоо боюнча алгылыктуу аракеттер көрүлүп, келечектен көптү үмүттөндүргөн, илимге шыктуу жаштар кызматка кабыл алынды. Баса, агайыбыздын 2021-ж.Улуттук илимдер академиясынын мүчөлөрүн толуктоо үчүн өткөрүлгөн шайлоодо анык мүчө (академик) болуп шайланышы илимге сиңирген эмгегинин, илимий көрөңгөсүнүн таанылышы болду, экинчи жагынан, институттун сапаттык курамын кыйла жогорулатты.

Эл аралык илимий байланыштарды кеңейтүү, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу боюнча дагы А. Асанканов алгылыктуу аракеттерди жасады. Ал Казакстан, Өзбекстан, Россия, Кытай, Франция, Германия жана башка өлкөлөрдүн илимий борборлору менен тыгыз бай-

ланышта. Россия федерациясынын Алтай мамлекеттик университетинин демилгеси менен 2021-ж. башталган "Тюркский мир Большого Алтая: единство и многообразие в истории и современности" деп аталган Эл аралык илимий изилдөө долбоорунун этнография багытынын жетекчиси катары жигердүүлүктү көрсөтүп келүүдө. Аталган долбоордун алкагында Алтай Республикасында өткөрүлгөн экспедициялардын курамында бардык райондорунда болуп, кыргыз элинин келип чыгышы, алтай-кыргыз байланыштары, азыркы процесстер жана башка маселелер боюнча кызыктуу талаа этнографиялык материалдарын топтоого жетишти. Анын алгачкы жыйынтыктарын макала түрүндө жарыялап, конференцияларда баяндап жаткандыгына күбөбүз. Агайыбыз Кыргызстандын ар кайсы райондорунда өткөрүлүп келе жаткан этнографиялык экспедициялардын айрымдарына да катышып баалуу кеп-кеңештерин берип келүүдө.

Этнография, этнология жана антропология, археология адистиктери боюнча диссертациялык кеңештерди уюштуруп республикага жогорку квалификациядагы илимий адистерди даярдоого жол ачууда А. Асанкановдун кошкон салымы абдан зор экени көпчүлүккө маалым. Акыркы жылдары академик, аталган адистиктерди коргой турган диссертациялык кеңештердин төрагасы, төраганын орун басары катары жигердүү эмгектенип келет. Ата Мекендин тарыхы, тарыхнаама, булак таануу, тарыхты изилдөө ыкмалары боюнча диссертациялык кеңештин да түзүүчүлөрүнүн бири Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту экенин айта кетели.

Академик А. Асанканов башка мамлекеттик органдар, жогорку окуу жайлары, музейлер, массалык маалымат каражаттары менен тыгыз байланышта болуп, ар кандай нормативдик-ченемдик актылардын, токтомдордун, жоболордун долбоорлорун даярдоого, илимий билимдерди жайылтууга, көргөзмөлөрдүн концепцияларын иштеп чыгууга өз сунуштарын берип келет. Мамлекеттүүлүккө, кыргыз тарыхындагы маанилүү окуяларга, тарыхый инсандардын юбилейлерине байланышкан мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларда агайыбыз жетектеген институт абдан көп иштерди аткарып жаткандыгын белгилеп коюш керек.

А. Асанканов Кыргызстанда этнолог жана этносоциологдордун чоң илимий мектебин түздү. Анын ишин улантып жаткан 60тан ашык  шакирттери бар. Алардын дээрлик баары илимдин докторлору жана кандидаттары. Ал эгемендик жылдарда Кыргызстандын түштүк аймактарында жашаган кыргыз калкын этнографиялык изилдөөгө да зор салым кошуп келатат. Аймактын жогорку окуу жайларында эмгектенген илимге далалаты бар жаш окутуучулардан турган шакирттери менен Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын аймагында этнографиялык кеңири темаларды камтыган изилдөөлөрдү ишке ашырып жатат. Натыйжада Кыргызстандын түштүгүндө да аталган багытта илимдин кандидаттары менен докторлорунун саны өсүүдө.

Талыкпай изденген А. Асанканович 200дөн ашык илимий эмгектерди, анын ичинде 15 монография, 10 окуу китеби жана окуу-усулдук колдонмолорду жаратты. "Кыргыз тарыхы" энциклопедиясынын жооптуу редактору болду. Агай илимге кошкон салымы үчүн Кыргыз улуттук университетинин Ж.Баласагын атындагы медалы менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгына эки жолу татыктуу болгон. Эмгектери түрк, орус, англис, кытай тилдеринде жарык көрүп келе жатат.

Торколуу 70 жылдык маарекесинде академик агайыбызга бекем ден соолук, кажыбас кайрат, азыркыдай дем менен дагы далай эмгектерди жасап, кыргыз элине кызмат кыла беришин каалайбыз. Илимде айта турган дагы далай сөзүн, жаңы илимий эмгектерин күтөбүз! Сиз тарбиялаган окуучуларыңыздын саны артып, илимге кызмат кыла беришсин, мектебиңиз кеңейе берсин. Биз сиздей устатыбыз менен сыймыктанабыз!

**Жоошбекова А.Р.**
*т.и.д., профессор, И.Арабаев атындагы  КМУ*
**Эралиев С.Н.**
*т.и.к., доцент,  Ж.Баласагын атындагы КУУ*